экендигин билипшибиз зарыл. Ошондуктан, мен, биздин улуттук суусундуктардын табигый пайдасын билип, баарыныpга сунуштайт элем.

Улуттук суусундуктар адамдардын чанкоосун кындырчу гана тамак эмес, бул биздин ден - соолуктун азыгы. Ал кыргыздардын илгертеден келе жаткан байлыгы, анын жасоо ыкмалары унутулуп бара жаткандыктан, биз аны урпактарга толук сактап беришибиз зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Көчмөн ашкана – Б.: Мага, 2011. – 49 б. («Мал багуучуларга жардам катары салттуу билимдердин» сериясы)
2. httpa://www.wikipedia.org
3. httpa://www.kloop.kg


УДК796.1-027.542

## КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНУ-КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНЫН КҮЗГҮСҮ

ст.гр. ЭЭ-1-14 **Абдалыева М.Т.,** рук. ст.преп.**Саякбаева А.Б**
КГТУ им. И.Раззакова,Бишкек, Кыргызская Республика E-mail: abdalyeva@mail.ru

Кыргыз улуттук оюндарынын өзгөчөлүктөрү каралат.

## THE KYRGYZ NATIONAL GAMES-THE MIRROR OF KYRGYZ HISTORY

**Abdalyeva M.T., Sayakbaeva A.B.** KSTU named after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic
E-mail: abdalyeva@mail.ru

Discusses the differences of Kyrgyz national games.

**Киришүү:** Элдик оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Оюндар жаштарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын түбөлүк адатка айланган талабы жана элдик оюндар жаштарды турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору экени далилденет. Кыргыз эл оюндарын ойноо менен өспүрүмдөр практикалык ишмердүүлүккө көнүгүшүп, денсоолуктарын чыңдашып, өз алдынча аракет жасоого үйрөнүшөт, ошондой эле оюндан моралдык жана эстетикалык ырахат алышат. Оюндар оюнчуларды кеңири ой жүгүртүүгө, эске тута билүүгө, чыгармачылык менен элестете билүүгө,байкагыч-баамчылдыкка, туруктуулукка, чечкиндүүлүккө, кыраакылыкка, тапкычтыкка, айлакерликке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, шамдагай-шайырлыкка, шайдооттукка, ар кандай шартта токтоолукка, тез тыянак чыгара билүүчүлүккө, айтор жана башка жакшы сапаттарга көнүктүрөт.

**Оюн**-адам турмушундагы таң калычтуу кубулуштарынын бири катары улуу ойчулдардын жана бардык доорлордогу изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген. Учурунда Платон оюнду эң бир пайдалуу иш аракет катары эсептесе, Аристотель андан рухий тең салмактуулуктун азыгын , жан дүйнөнүн жана дененин шайкештигинин булагын көргөн.

Улуу педагог А.С.Макаренко "**жакшы оюн**" ар кандай ишмерүүлүктүн жогорку натыйжалуулугун камсыздайт жана ошону менен бирге инсандын шайкеш өнүгүүсүнө көмөктөшөт, анткени оюндун табиятында умтулуу аракети (физикалык, эмоционалдык, интеллектуалдык) , кубаныч тартуулоо (чыгармачылык жеңиш жана эстетикалык канааттануу) сөзсүз камтылган жана оюндун катышуучуларына белгилүү жоопкерчилик жүктөлөт деп эсептеген. Оюн учурунда баланын жөндөмдүүлүгү өзгөчө толук жана кээде күтүүсүз жактардан көрүнөт, ачылат. А.С.Макаренко дагы бир маанилүү жагдайга көңүл бурган, б.а баланын оюнга кандай катышып жаткандыгын көрүп, анын келечегин боолголоого болорлугун, бүт дээрин, дитин, ышкысын коюп, берилүү менен ойногон баладан эртеңки күнү кесипкөй, иштерман адам жетилерин белгилеген.

Кыргыз эл оюндарынын басылуу бөлүгүнүн табиятын элдин кандай жашоо-турмуш мүнөзүн күткөндүгү менен ажырагыс байланышта кароо керек. Жаратылыш мезгилине (жаз, жай, күз, кыш) , элдин каада-салтына, ойнолуучу оюндун шартына, ылайыктуулугуна, оюнчулардын жаш курагына,

курамына карата бул же тигил оюнду (оюндун түрлөрүн) уюштуруу максатка ылайыктуу деп табылган.

**Максаты:**Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздүрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, аңгилдек, уюм тууду, селкинчек, упай жана башка ат оюндарынын түрлөрү эсептелет. Улуттук оюндар элдин жашоо маңызын чагылдырат. Ошол себептен элибиздин кандай абалда жашап өткөнүн, жакындан билүү үчүн кээ бир оюндарды астыртадан карап көрөлү. Бул доклаттын максаты өзүбүздү таанып-билүү. Унутулуп бараткан мурастарды жаңылоо. Келечек муундар үчүн мурастарды сактап калуу жана аларга жеткирүү.

**Негизги бөлүм**:**Ордо** - кыргыздын байыркы улуттук оюну. Анын аталышы хандын Каган (хан) кагандын ордосу деген сөздөн алынган.

Ордо кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Ал жөнүндө «Манас» эпосунда дагы кеңири баяндалган. Айкөл Манас баатыр чоң казатка бараткан жолдо анын 40 чоросу экиге бөлүнүп, байгесине төрт байтал сайып, ордо атышып жатканда чыр чыгат:

"Манас" эпосунда
Чийип койгон чийинде
Кара баспай,ак басып,
Кыйшыгы жок жол басып.
Кадамыкты кадашып.
Оюн салып жатканда,
Тоорумак тооруп жатканда,
Ишке түштү зор Манас,
Чүкө чертээр,чоң оюн

Ишке түштү зор Манас, деген саптарда ордонун чоң оюнун байыркы убактан бери ойнолуп келе жаткандыгы айтылат. Ордонун эрежелери, ордонун тартиби оюнчулардан тыкандыкты талап кылгандыгы баяндалат. Ордо жөнүндө эл ичинде төмөндөгүдөй ыр саптары да бар:

Кызыгып ойноп кыргыздар,
Кызыктуу оюн ордону!
Кымбат оюн баштаган,
Атабыз кыргыз болжолу!
Ашыгып ойнойт кыргыздар,
Ашык ойну ордону!

Ордо оюнунда байге белгиленип, жеңгендерге берилген. Илгери оюнда жеңилген кезде уруулар арасында чатак чыккан учурлар да болгон. Чоң ордочулар - атмакчылар, чертмекчилер, кадамакчылар, тоорумакчылар деп бөлүнүп, алар чоң өнөрпоз катары жогору бааланышкан.[8] Биринчи тарабы - Кыргыл чал, экинчи тарапка Ажыбай башчылык кылып, ордо атышып жатканда болбогон шылтоо менен чыр чыккан. Ошондой эле илгерки Балбай менен Ормондун башкы чатагы да ушул ордо атышкандан башталган дешет санжырачылар. Ошондон улам ордо оюнуна кеңеш доорунда тыюу салынып, аны ойногондор улутчул катары куугунтукталып келген. Ордо чарчаганды жазып, кан тамыр, жүрөктүн иштөөсүн жакшыртып, денени ийилчээк кылуу менен 300гө жакын булчуңду чыңдап, муундардын иштөөсүн жакшыртып, адамдын ойлоо жөндөмүн арттырат. Бул аскердик, жоокердик тактиканы үйрөтө турган акыл оюну.

**Акуш(сармерден)"** оюнунда салт боюнча тойдо, кечеде, бош убакыт учурунда көңүл ачуу үчүн катышуучулар кезектешип ырдашат. Оюн мезгилинде оюнчулардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрү артылып, ырдоого болгон шыктуулуктары өнүгөт. Аны азыр мектепте, үйдө, айылда бош убакытта ойносо да болот. Катышуучулар кезектешип, ар ким билген ырын ырдайт.

"Манас" эпосунан: …Барабанын тарттырып,
Бала туйгун жолунан
Тегиз акуш айттырып,
Баягы арты кучак чоң комуз,
Дуталарын тарттырды.

[8] Х. Н. Анаркулов. Кыргыз эл оюндары. -Ф.: 1981

Алтымыштай балбанга,

Тегиз акуш айттырды - деген ыр саптары жолугат. Мындан акуш айттырууну кыргыз эли байыртадан эле өз маданиятына киргизип алгандыгы байкалат.

Акуш айттыруу оюнчулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттырууга, ырга болгон шыгын өстүрүүгө көмөктөшөт.

Кыргыз элинин байыртадан элге кеңири тараган оюну- **"Ак терек, көк терек"** . Оюнга 7-17 жаштагы 20-30 кыз улан катышат. Оюнду оюнчулар жашына жараша бөлүнүп ойношот. Оюнчулар оюндун калысын шайлашат. Калыс оюнчуларды эки жаатка бөлөт. Ар бир жаат өз-өзүнчө кол кармашып катарга тизилип, 15 метрдей аралыкта бетме-бет турушат. Калыс жаат башчыларын чакырып "чучу кулак" карматып, чүкө калчашат. Оюнду баштаган жаат:

'Ак терек, көк терек, бизден сизге ким керек?!'-деп айтышат. Анда атаандаштары: "Кетирекей Керимбек, келсин бизге тезирээк'- деп чакырышат. Же болбосо, биринчи тарап: "Элден, элден, эл чабар, бизден сизге ким чабар?"-дешет. Ал эми атаандаштары: "Шакылдаган шайыр кыз, келсин бизге Айым кыз"-деп жооп беришет. Ошол аты аталган оюнчу катуу чуркап келип, чакырган жааттын катарынын бир жерин жарып өтүүгө аракеттенет. Эгер чуркап келген оюнчу катарды бузса, бөлүнүп калган жагын өзү менен кошо ала кетет. Сапты үзө албай калса, анда өзү ошол жаатта калат. Оюнга катышуучулардын сөз тапкычтыгына, жамакчылыгына жараша чакыруу улам бир тараптан болуп, тамашалуу да, маданияттуу да айтылышы керек. Оюндун акырында кайсы жаатка оюнчулар көп топтолсо, ошол жааттын оюнчулары утат. Жеңилип калган жаат ырдап же бийлеп өнөрлөрүн тартуулап беришет. Бул оюн Кыргызстандын түштүгүндө "Чартек", Алайда "Эл чабар" деп да аталат.

**Элдик оюндардын тизмеси:**

**<u>Акыл оюндары:</u>**

Акуш(сармерден)
Акыйнек
Алтын шакек
Беш таш (топ таш)
Кош талант
Киште
Чатыраш
Ыр кесе

**<u>Ат оюндары:</u>**

Ат чабыш
Жамбы атуу
Жорго салыш
Көк бөрү
Кыз куумай
Оодарыш
Эңиш(оодарыш)

**<u>Кыймыл оюндары:</u>**

Ак терек, көк терек
Ак чөлмөк
Алты бакан
Аркан тартыш
Ашык оюну
Бекинмечек
Дүмпүлдөк
Жамбы атмай
Кол күрөш
Качма топ ж.б

**Корутунду:** Улуттук оюндар кыргыз элинин аң сезиминен жаралат. Ар бир улуттук оюнга көңүл бура турган болсок, көчмөндүк жашоо талап кылган акылдын, кыймылдын түрлөрүн көрө алабыз. Негизинен улуттук ар бир оюндун элдин жашоо турмушу менен тыгыз байланышта болгонун айтуу ашыктык кылбайт. Мисал катары кыргыздар кыргыз болуп жарлагандан бери ойнолуп келе жаткан "Ордо" оюнун алсак. Ордо жөн гана тоголок чийинди чийип алып, абалак менен ар тараптан чүкөлөрдү оюна келгендей аткылоо эмес. Ордо согуш өнөрүнүн тактикасы. Согуш маалында

душманды кандай курчайт, кандай барымтага алат, кандай качып кутулса болот, ар бирине карата оюн аркылуу жол жобосу көрсөтүлгөн. Жаштардын акыл эсин өстүрө турчу, чечкиндүүлүккө үйрөтүүчү оюн. Ал эми "жамбы атуу" жаштарды тактыкка үйрөтөт. Асманда илинген жамбыны атып түшүрүп байгени алуу максаты болсо, ошону даана атып түшүрүү милдети жана эл алдындагы намысы.

Жыйынтык сөздү айта турган болсок, улуттук оюндардын тарыхы, өзгөчө маани-маңызы, кайталангыс орду бар. Ар бир оюндун эволюциясына токтолуу, албетте көптөгөн изилдөөнү талап кылат. Бирок ар бирибиз кыргыз жараны катары үстүртөн болсо да баа берүүгө укугубуз бар.

Кыргыз улуттук оюну − кыргыз тарыхынын күзгүсү.

Улуттук оюн − улуттук аң − сезим.

Улуттук оюндар − жашоо турмуш.

**Колдонулган адабияттар**

1. Токторбаев Саты "өспүрүмдөр оюндары". Башкы редактору М.Борбугулов.-Б:КФЭнин Башкы редакциясы
2. Манас:Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча.КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана маданият институту. Түзгөн С.Мусаев.-Б:Хан-теңир,2010
3. Колдошев М. "Интерактивдуу кыймылдуу оюндар".Усулдук жана практикалык колдонмо. Ош,2012,-156 бет.
4. Х. Н. Анаркулов. Кыргыз эл оюндары. - Ф.: 1981
5. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. Бишкек - 2003.
6. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. − Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1990. − 288 бет.

УДК: 395.6(575.2):81.286

# НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ

ст. гр. ТТП-1-14 **Солдатов Д.А.,** ст. преп. **Нуралиева С. С.**
КГТУ им. И. Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика E-Mail: insolent_n.v@mail.ru

# NATIONAL GAMES

**Soldatov D.A., Nuralieva S.S.**
KSTU named after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic E-mail: insolent_n.v@mail.ru

В работе рассматривается специфика кыргызских национальных игр

**Введение.**

**Национальные игры**

С давних пор в досуге кыргызов большое место отводилось народным играм и развлечениям, без которых не проходило не одно народное гуляние. При этом характер многих игр был связан с условиями кочевой жизни, требующей на посту постоянной готовности к действиям, храбрости, силы и ловкости. Самым любимым и почитаемым были и остаются состязания наездников.

Конные состязания являются традиционными развлечениями и играми кыргызского народа. Еще в глубокой древности всевозможные состязания на лошадях пользовались огромным успехом у публики. Как отмечают историки, с освоением коня в эпоху бронзы во втором тысячелетии до н.э. с применением седла, уздечки, стремян началось покорение азиатских степей. И невозможно представить жизнь кочевника без коня, с детских лет приученного к верховой езде. С первых шагов родители учили своих детей держаться в седле, вырабатывали навыки езды на животных. Для них специально изготавливалось седло-айрымач. Став чуть по старше, дети развлекались скачками на жеребятах, баранах, козлах, ослах и не удивительно, что на крупных скачках жокеями выступали дети 8 лет и старше.

**Основная часть.**

Ат-чабыш - скачки на длинные дистанции - Это древний и наиболее распространенный вид спорта. Для скачек отбирают резвых и выносливых лошадей, способных выдержать дальние расстояния. Раньше скачки Ат-чабыш устраивали по разным поводам, чаще всего на праздник или поминки. Победитель получал в награду драгоценности и скот. В скачках участвовали лошади всех пород и возрастов.